# PISA

# окуучуларды кыргыз тили жана адабияты сабагынан даярдоо

# ПАПКАСЫ

**Мугалим: Момункулова Н.**

Сканировано с CamScanner

БЕКИТЕМИН
Мектеп директору: Атаев Б.С.
_________ 20 22 ж.

**Х. Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин 2022-2023- окуу жылынын «PIZA- 2025» эл аралык изилдөөсүнө катышууга окуучуларды даярдоо боюнча 1-4-классынын иш планы.**

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «PIZA- 2025» эл аралык изилдөөсүнө катышууга даярдоо боюнча иш мерчеми менен таанышуу | Январь | Момункулова Н. | |
| | «PIZA- 2025»ке даярдануу боюнча электрондук платформалардагы материалдар, тексттер жана көрсөтмөлөр менен системалуу иш алып баруу | Январь | Момункулова Н. | |
| 2 | Кыргыз тили жана окуу предметтерди изилдөө алкагында сабаттуулугун калыптандыруу боюнча окутуу-усулдук материалдары менен системалуу иш алып баруу | Дайыма | Момункулова Н. | |
| 3 | Туура жана көркөм окуунун деңгээлин аныктоо | Дайыма | Момункулова Н. | |
| 4 | Окуу көндүмдөрү шар окуу, сөз байлыгы, окуганын түшүнүү боюнча тестерди алуу | Дайыма | Момункулова Н. | |
| 5 | Сабаттуу, таза жазууга үйрөтүү | | Момункулова Н. | |

Сканировано с CamScanner

**PISA деген эмне?**

Кыргызстан 2025-жылы өтө турган окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасына катышууга даярдыкты баштады.

Жакында эле Билим берүү жана илим министрлиги өлкөнү PISA-2025ке катышууга даярдоо боюнча тегерек стол өткөргөн.

Билим берүү жана илим министрлиги эл аралык баалоо программасы боюнча коомчулукка толук жана так маалымат жеткирүү үчүн PISA боюнча эң маанилүү суроолорго жоопторду даярдады.

**PISA деген эмне?**

PISA (Programme for International Student Assessment, PISA) — окуучулардын билимдги жетишкендиктерин баалоонун эл аралык программасы. Аны 2000-жылдан бери Экономикалык кызматташуу жана өнүктүрүү уюму (OECD) ар 3 жылда бир жолу өткөрүп келет. Эл аралык баалоонун 8-цикли (2021-жылы өтүшү керек болчу) COVID-19 пандемиясына байланыштуу бир жылга жылдырылып, 2022-жылы өтмөй болду. PISAга катышуучу өлкөлөрдүн саны 2000-жылы 32 болсо, 2022-жылга карата 88ге жетти. Бул өз кезегинде PISAны ушул сыяктуу изилдөөлөрдүн эң масштабдуусуна айландырды.

PISA изилдөөсү мониторинг жүргүзүүчү болуп эсептелет. Ал ар бир мамлекеттин билим берүү системасындагы өзгөрүүлөрдү аныктап, билим берүү жетишкендиктерин же кемчиликтерин салыштырып, тиешелүү тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет. Билим берүү системасындагы стратегиялык чечимдердин эффективдүүлүгүн баалайт, билим берүү саясатынын максаттарын аныктоого жардам берет.

**PISA кимди баалайт?**

Тестке дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн 15 жаштагы окуучулар катышат. Көпчүлүк өлкөлөрдө билим берүү системасы жалпы багытка ээ, ошондуктан ушул жашка келип, мектептеги милдеттүү билим алуу аяктайт.

**PISA эмнени баалайт?**

PISA окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, мектепте алган билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана балдардын коомдо өз алдынча жашоого даярдыгын баалайт. Башкача айтканда, жалпы орто билим алган окуучу коомго толук кандуу аралашып кетүүсүнө, же болбосо, өз ордун табуусуна керектүү болгон көндүмү жана билими бар же жок экенин баалоону максат кылат.

**PISAIдагы баллоо кандай жүргүзүлөт?**

Окуучулардын билим жетишкендиктерин изилдөө негизги 3 багытта жүргүзүлөт: окуу сабаттуулугу, математикалык сабаттуулук жана табигый илимдер боюнча сабаттуулук. Мында окуучулардын жалпы билимди жана интеллектуалдык көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнө баа берүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Баалоодо негизги көңүл жогорудагы 3 багыттын бирөөсүнө коюлат. Тактап айтканда, тестирлөөгө кеткен убакыттын үчтөн эки бөлүгү негизги делген багытка бөлүнөт.

PISA изилдөөсүнүн ар бир циклында баалоонун приоритеттүү багытын өзгөртүү — изилдөөнүн негизги багыты боюнча толук кандуу маалыматты алуу жана бул багыттагы жетишкендиктерге салыштырма талдоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү. Негизги баалоо багыттарынан тышкары, PISAнын акыркы циклдарында кошумча инновациялык багыттар иштелип чыккан.

Сканировано с CamScanner